**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ И-300 «28» 07 2021

Сизд.чыг. (На) №__________ «____» _________20___

**Н.Т. Машраповага**
дареги: Бишкек шаары
ж/к Щербакова 2/153
тел: 0771995877

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) Сиздин 2021-жылдын 22-июлундагы арызыңызды карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык:

*«Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.».*

Ушул эле берененин 8-бөлүгүндө арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет деп белгиленген.

Жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин 13-бөлүгүнө ылайык арыздарды (даттанууларды) берүүнүн мөөнөттөрү калыбына келтирүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөрү аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт. Арызды (даттанууну) берүү мөөнөтүнүн өтүшү чечим кабыл алынган күндөн, аракет (аракетсиздик) жасалган күндөн кийинки күнү башталат.

Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын даттанылган чечими 2021-жылдын 10-июлунда кабыл алынган, жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин талаптарына ылайык, Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 10-июлундагы №70/1 чечимине даттануу мөөнөтү 2021-жылдын 13-июлунда аяктагандыгын билдиребиз.

**БШКнын мүчөсү,**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **К. Маматов**

атк. Иманбекова А. 62-01-84